| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**<br>**НООКЕН РАЙОНУ**<br>**БҮРГӨНДҮ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**<br>**БУРГАНДИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

Бүргөндү айылдык кеңешинин
XXVIII чакырылышынын кезектеги XVII сессиясы

Жаңы-Арык айылы **№ 13 -ТОКТОМУ** 16-февраль 2023-жыл

**“Бүргөндү тазалык жана көрктөндүрүү” муниципалдык ишканасына келген техникага техникалык паспорт алуу жана өткөрүү жөнүндө**

Бүргөндү айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысынын “Бүргөндү тазалык жана көрктөндүрүү” муниципалдык ишканасына келген техникаларды айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүү жана техникалык паспорт алуу үчүн тиешелүү чечим кабыл алып берүү жөнүндөгү кайрылуусун угуп жана талкуулап Бүргөндү айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XVII сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1.Бүргөндү айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы М.Осмоновдун жазган кайрылуусу эске алынсын.

2. “Бүргөндү тазалык жана көрктөндүрүү” муниципалдык ишканасына келген техникага техникалык паспорт жасатууга жана айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүлүп алууга макулдук берилсин.

3. “Бүргөндү тазалык жана көрктөндүрүү” муниципалдык ишканасына келген техниканын тиешелүү иш кагаздарын даярдап, айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүп алуу жана техникалык паспорт жасатуу жагы айыл өкмөтүнүн финансы жана экономика бөлүмүнүн башчысы М.Осмоновго жүктөлсүн.

4. Бул токтом массалык маалымат каражаттарына же сайтка жарыялансын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Финансы, бюджет экономика, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ө. Калмуратовго тапшырылсын.

**Бүргөндү айылдык кеңешинин төрагасы:** **Б. Кубатов**